**Токмок шаарынын ИИБнүн ММКне 10.07.2021 жылы №02-011-2021-002242 саны менен катталган материалдар боюнча маалымдама**

10.07.2021 жылы Токмокш шаарынын ИИБнө Токмок шаарынын шайлоо боюнча комиссиясынан маалымдама келип түшкөн. Маалымдаманы "Бирге-Вместе" саясий партиясынын ыйгарымдуу өкүлү [redacted] берген. Маалымдамада Токмок шаарынын аймагында жайгашкан Токмок шаарынын техникалып окуу жайынын башчысынын орун басары [redacted] активдүү үгүттөө иштерин жүргүзүп жана ошол эле окуу жайынын студенттерине басым кылып, "Эмгек" саясий партиясына шайлоого мажбурлап жаткандыгын кабарлаган.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымдама Токмок шаарынын ИИБнүн ММКне 10.07.2021 жылы №02-011-2021-002242 саны менен катталып териштирүү учурунда төмөндөгүлөр аныкталган.

Суралган [redacted] ж.т., [redacted] төмөндөгүлөрдү айтып берген: Ал бир да партиянын өкүлү болуп үгүтөө иштерин жүргүзбөгөндүгүн жана азыркы тапта окуу жайда бир дагы студент жоктугун айткан. Мындан тышкары ал тартылган видео тасма окуу жайдан эмес өзү жашаган үйдүн астынан тартып алышкандыгын, айткан.

Суралган [redacted] ж.т., [redacted] жогорудагы маалыматты ага Токмок шаарынын депутаттар кеңешине талапкер "Бирге-Вместе" саясий партиясынын өкүлү Карайева Айзат бергендигин маалымдап, видеосун жөнөткөндүгүн жана өзү ал окуяны көрбөгөндүгүн көрсөткөн.

Суралган [redacted] Токмок шаарынын депутаттар кеңешине талапкер "Бирге-Вместе" саясий партиясынын өкүлү, Токмок шаарынын Борончиева көчөсүнөн өтүп бара жатып [redacted] көрүп калган, ал [redacted] атту "Эмгек" саясий партиясынын өкөлү депуттатыка талапкер болгондугун көрсөткөн жана анын жанында дагы бир жаш бала болгондугун айткан. Ошол себептен ал аларды мөөнөтү 2 секундалык видео тасмага тартып партиянын юристи [redacted] жөнөткөн жана ал эч кандай устөмдүктү көрбөгөндүгүн тастыктаган. Мындан тышкары эмне себептен студенттерге үстөмдүк көрсөтүлүп жатат деп арызга жазылгандыгын себебин түшүндүрө алган эмес.

**Токмок шаарынын ИИБмү**